# ОТКО СЫЙЫНУУЧУЛАРДАГЫ ОКШОШТУКТАР

**КОЙЛУБАЕВ КЕЛДИБЕК**
*ф.и.к., К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

Байыркы перстердин дининин бир нече аталышы бар: маздаизм (эң негизги башкы кудайдын абдан көөнө аталышы), авестизм (ыйык китеп боюнча аталышы), зороастризм (аны негиздөөчү пайгамбардын ысмы боюнча аталышы), отко сыйынуучулук (диний салттарга мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөргө байланыштуу аталышы), парсаизм, фарсизм (азыркы кезде Индияда жашап ушул динге сыйынгандар ). Айрым учурда Иранда бул ишенимдегилерди гебралар деп да коюшат. Ошондой эле бул диндин бир агымы Башкы Митра кудайынын атынан митраизм деп да жүрүшөт.

Бул дин алгачкы үлгүсүндө дээрлик сакталбаганы менен, адам баласынын жашоосундагы ролу аз эмес. Зороастризмди азыркы учурда дүйнөлүк диндерге кошуу кыйын, анткени ал христиан же ислам өңдүү кеңири аймакка таралган эмес. Ошол эле учурда бир улутка гана тиешелүү дин деп да айта албайбыз, анын себеби зороастризм эзелтен эле Орто Азияга, Иранга, Афганистанга жана жакынкы, ортонку чыгыш өлкөлөрүнө кеңири таркалганы менен түшүндүрүлөт. Алар тили боюнча индоевропалык топко кирсе, чыгыш теги, туугандык жагынан тарыхта аты белгилүү скифтерге кошулары белгилүү.

Авеста (билим) - байыркы перстердин дин багытындагы эң эзелки жана негизги булагы болуп эсептелет. Ал - алгач оозеки түрүндө өнүгүп, б.з.ч. 1-миң жылдыктын ортосунда жазууга түшкөн ыйык текстердин өтө зор жана татаал жыйнагы. Мындай көчүрмөнүн бири Оксфорддо сакталып тургандыгы айтылат.

Европалыктарга Авестанын көчүрмөсү 17-кылымда белгилүү болуп көпкө чейин окууга мүмкүнчүлүк болбогон. Дюперон аттуу француз изилдөөчүсү Индиядагы бул динди тутунгандарга барып бир нече жылдык эмгектин натыйжасында Авестаны окуу жана которуу ачкычын табат. Мына ошондон тартып анын тексти европалыктарга белгилүү. Авестаны өздөштүрүү жана которуу ишинде ири орус чыгыш таануучулары Б.А.Тураев, В.В.Струве жана башкалар иштешкен.

Авеста төмөндөгүдөй бөлүмдөрдөн турат: Гаты (ырын ырдоо), Ясна (диний ырым-жырымдар китеби), Яшта (гиминдер китеби), Вендидад (жин-шайтандарга каршы кодекс), Висперед (жандыктардын эң жогоркусу тууралуу китеп), Нийайишн (дуба, сыйынуу), Гах (дуба, сыйынуу), Хорд (күнүмдүк чокунуулар), Хадохт Наск (катар же жазуулар китеби), Аокмаэга (биз кабылдайбыз), Нирангистан (диний ырым-жырым эрежелери). Авеста индоевропалык топтогу жок болуп кеткен авеста тилинде жазылган. Авеста тилин зороастрийлер жаратканга ибадат кылууда колдонушат. Отко сыйынуучулардын төмөндөгүдөй дагы башка бир канча чыгармалары 9-кылымда пехлеви тилинде түзүлгөн. Зенд (Авестанын түшүндүрмөсү), Бундакишин (биринчи жаралуу.), Денкарт (Ишеним иштери), Кечил Затспраманын жыйнагы, Шканд-Гуманик Вичар (Бардык шектенүүлөрдү толук жок кылуу), Намак (Китеп) ж.б.

Тарыхтын «мифологиялык доорундагы» ыйык жазмалардын көпчүлүгү сыяктуу эле Авеста дагы энциклопедиялык мүнөздө болгон жана көөнө перстердин дүйнө таанымы туурасында толук маалымат бере алган. Анын эң байыркы бөлүгү болгон Ясна көптөгөн кудайлар – гаттарга арналган сыйынуулардан, гимндерден турат. Чыгыш изилдөөчүлөр тил жана мазмун жагынан алганда байыркы арийлердин Вед тексттерине окшоп кетерин белгилешип, бул өтө олуттуу байкоо экендигин айтып келишет. Анткени мындан авеста жана ведда диндеринин чыгыш теги бир болгон деген дагы жыйынтыкка келүүгө болот экен.

Бизге жеткен маалыматтарга таянсак Авеста 21 китептен турган, бирок бизге анын үзүндүлөрү гана жетти. Байыркы перстердин динин негиздөөчү пайгамбары Заратуштранын тарыхын баяндоочу Авестанын акыркы бөлүгү – Бувдегеш деп аталат.

Анда Авеста текстеринин автору деп берилет. Бул жазмалар пехлеви диалектисинде жаралган жана орто кылымдагы иран жана тажик классикалык адабиятына эпикалык поэмалардын элементи Авеста катары кирген. Кийинки перс тилинде комментарийленген варианты Зенд Авеста (Зенд байыркы баян) деп аталат. Анын кыскартылган түрү, же болбосо Кичи Авеста сыйынуу эрежелеринин жыйнагы катары байыркы египет жана тажик элдерине кеңири тараган. Авесталык баяндардын айрым издери грек, латын, араб, эски армян булактарында да сакталып калган.

Авеста динин сыйынуучу кудайлары өтө эле көп, андыктан зороастризмди типтүү мифологиялык көп кудайлуулукка ишенүүчү дин деп эсептөөгө болот. Кудайлардын бардык падышачылыктары бири-бирине карама-каршы турган тең эки топко бөлүнөт: ак көңүл жаратман жана каардуу арам, кыйраткыч, бүлдүргүч кудайлар. Ак көңүл жарык нурду элестеткен кудайлар агура(ахура), ал эми каардуу жана караңгылыкты элестеткен кудайлар «терс күчтөр – жин-шайтандар» деп аталган. Боорукер кайрымдуу кудайлардын башында Ахура Мазда (пехлевий тилинде Ормазд, байыркы грек маалыматтарында Ормузд) турат. Сөзмө-сөз которгондо терең акылдуу кудай дегенди билдирет.

Башка элдердин байыркы мифологияларда башкы кудайлар күркүрөгөн жоокерлер болушат эмеспи (Зевс, Индра, Перун), ал эми байыркы персиялыктарга мындай мүнөз тиешелүү эмес. Көпчүлүк учурда Ахура Мазда дили менен берилген жан, сыйынуучу, акыл эстин башаты катары берилет. Айрым учурларда ал күндүн шооласын символдоштурган куш канаттуу кадимки адам кейпиндеги падышадай сүрөттөлөт. Бирок башка кудайлар сыяктуу эле Ахура Мазданын иконографиясы сакталган эмес. Бул кудайга бирге эриш-аркак болуп ааламдын тартиби жана сулуулугу үчүн ахуралар (агуралар) – асмандагы жандоочулары күрөшүшөт. Алар жетөө болгон жана түздөн-түз абстракттык башталыштарды (ой, адилеттик, эркиндик, момундукту, сонундукту, ден соолук, түбөлүктүүлүк) элестетет. Бул изилдөөчүлөр үчүн дагы табышмак. Мифологиялык диндерде адатта кудайлар жаратылыш күчтөрү менен байланыштуу болушуп, асман, жер ж.б. элестетишкен. (бул кудайларда материалдык дүйнө менен байланыштуу айрым бир белгилери болсо дагы өздөрүнүн функциялары боюнча белгилүү ведда кудайлары – Агню, Ушас ж.б. элестетет.)

Ахура Мазданын иш аракеттеринин бардыгы асыл жана пайдалуу болсо (жер иштетүү, үй жаныбарлары, суу, от, ден соолук, күн нуру жарык ж.б.), анын карама-каршысындагы Ангра-Маиньюда баардыгы карангы жана таза эместиктер (күнөөлөр, өлүм, карылык оорусу, сойлоп жүрүүчүлөр, көз боечу, сыйкыр, жырткычтар, чөл).

Ангра-Майнью – каардын, жалганчылыктын, ыпластыктын эле так өзү. Ал өз ишмердүүлүгүн жиндер аркылуу жүргүзүп, бүтүн дүйнөнү экиге кайрымдуу жана каардуу деп бөлөт. Бул кудайдын образы орто кылымда европалыктарга байыркы грек булактары аркылуу бекер жерден каардуу сыйкырчы Аримандын кейпинде кирбесе керек. Байыркы перстердин дининде жин-шайтандардын ортодоксалдык белгилүү бир көрүнүшү, чагылдырылышы болгон эмес. Кийинки окууларда алар денесиз болгон деп эсептешет. Перстер каардуу күчтөр түндүктө (анткени ал жактан муздактык жана карангылык келет)жашашат деп эсептешкен. Ангра-Майнью элдерге 9999 ооруну жиберген. Ал эми аларды дарылоо каардуу күчтөрдү бакшылар аркылуу кубалоо катары кабыл алынган. Ошондой эле Ангра-Майнью (Ариман) элге өлүмдү да жиберген. Негизи эле зороастризм боюнча өлүм - бул каардуу күчтөрдүн жеңиши. Өлгөн адам канчалык такыбаа киши болсо ошончолук чоң жеңиш. Бул перстердин дининдеги сөөк коюу ырымындагы өтө маанилүү өзгөчөлүк. Жин-шайтандар элге көбүнчө көз будамайлаган түр менен жакшылыкка жамандык кылуу менен келишет. Алардын аялдары өзгөчө амалкөй, арамза, эки жүздүү болушат. Ангра-Майньюну бүтүндөй бир сыйкырчылардын, көз боочулардын, жез кемпирлердин, феялардын тобу коштоп жүрөт. Алардын саны жашоосунда күнөөгө батып, андан өлгөндөн кийин да арыла албагандын эсебинен көбөйөт. Анткени алар терс күчтөгү арбактарга айланат.

Кудайлардын мындай кайрымдуу жана каардуу деп так бөлүнүшү зороастризмди

типтүү дуалдык дин атоого мүмкүндүк берет. Дуализм - бири-бири менен келишпес, карама-каршы ажырымдагы башталыштар. Каардуу жана кайрымдуу күчтөр дайыма кармашып турушат. Акырында Ахура-Мазда Ангра-Майнью менен болгон айыгышкан күрөштө аны багынтып, жер жүзүнө акыйкаттыкты, жакшылыкты орнотот. Мына байыркы перстердин ишеними. Зороастризмге негиз болгон мындай кырдаалдар бул динге башкалардан бөтөнчөлөнгөн жүрүм-турум эрежелерин киргизген. Эл эки кудайдын күрөшүнө ортоктош болушат, бирок алар кайсы тарабында болууну өздөрү тандашат. Адам жан дүйнөсү, жүрөгү – жакшылык менен жамандыктын согушкан талаасындай. Ахура-Мазданын ишенимин сактоо үчүн адамдар баардык ыпластыктардан: өлүм, өлүк, кан, кир, таштанды ж.б. ушул нерселерге байланыштуулардан алыс болушу керек. Байыркы перстердиндининде чынчылдык, келишимди бузбоо, акыйкаттыкты сактоо катуу тапшырылган осуяттардан.

Мыйзам эрежелерди бузган адам күнөөгө батат. Айрым күнөөлөрдү таяк менен сабап арылтса болот. Ошол эле учурда бул дүйнөдө да, тигил дүйнөдө да кечирилгис күнөөлөр да бар (Сөөктү өртөө, тарп менен тамактануу, ж.б.). Перстер мындай адеп-ахлактуу эрежелерин өздөрүнүн согуш иштериндеги алдамчылык, арамзаалык, эки жүздүүлүк ж.б. иштер менен айкалыштырышып душмандарын жеңишкен. Байыртан дайыма болуп келген мындай этика эрежелери бардык элдерге бирдей таралбастан, Ахура-Маздага ишенген уруулаштарда гана болгон. Перстер өзүлөрүнөн башкаларды эл катары да санашпагандай. Аны убагында абдан өнүккөн байыркы перс медицинасынан мисал тартуу менен да далилдөөгө болот. Башка уруулар же башка ишенимдегилер ээн эркин эле «тажрыйба кылынган келемиштердей» болушкан. Эгер өз уруусундагы оорулуга дарыгер керт башы менен жооп берсе, башкаларга эч кандай жоопкерчилик алган эмес. Ар бир жаңы дарылоо Маздага ишенбегендерге эки жолудан сыноодон өткөрүлүүгө тийиш болгон. Дин акылга, турмуш-шартка негизделип, эч кандай эстетика жана лирика менен айкалышпайт. Дин менен мыйзам перстер үчүн бирдей, окшош, синоним болгон десек болот.

Зороастризм окуусундагы эң негизги белги адамдын бул жана тигил дүйнөдөгү тагдыры анын Ахура-Маздага болгон жеке ишенимине байланыштуу болгондугунда. Бул дагы байыркы диндерге эч кандай кездешпеген нерсе, адамдын динге болгон ишеними анын тагдырын эч кандай аныктабайт. Дин изилдөөчүлөрдүн бир канчасынын пикиринде зороастризм бул багытта азыркы дүйнөлүк диндерге жакындашат.

Кийинки Авестадагы кайрымдуу, ак көңүл кудайлардын ичинен Митра көрүнө баштайт. Бул кудай байыркы арийлерде кездешет. Митранын миң кулагы, көзү бар, андыктан баардыгы адилеттик жана чынчылдык менен иш алып барып жаткандыгын көз албай карап турат.

Митра жарык берүүчү, адеп-ахлактын кепили, жарык менен күндүн так өзүн чагылдырат. Ошондой эле ал коркунучтуу мифтик буканы жеңген баатыр жоокер. Эпосто аны менен Анахита – суунун жана түшүм берүүнүн (Баба Дыйкан), суу агымдарын жана дарыялардын көбүктөнүүсүн талап кылуучу, кененчиликти алып келүүчү кудай түгөй болуп коштоп жүрөт. Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн ою боюнча Анахитага сыйынуу семит урууларынан (Түндүк Африкада жана Жакынкы Азияда жашаган жана жашоочу элдердин тобу, мис. арабдар, еврейлер, абиссиниялыктар ж.б.) келип кирген. Байыркы дүйнөдө Митрага сыйынуу кеңири таркалган. Митраны сактап калуучу кудай катары да кароого болот. Анын күнү катары 25-декабрь (күндү жайга бурулган учуру) белгиленген жана бул күн Митранын туулган күнү катарында майрамдалган. (христиандардын Рождествосу менен салыштырып көрөлү) Абдан белгилүү бул кудайдын көптөгөн элеси байыркы чыгыштык жана антикалык сүрөттөрдө, монеталарда, статуэткаларда сакталып калган. Ал көпчүлүк учурда арстан баштуу адам катары чагылдырылган. Сүрөтчүлөрдүн сүйгөн сюжети – Митранын буканы өлтүрүп жатканы болгон. Дүйнөнүн түзүлүшү жана пайда болушу Авестада бүдөмүк берилген. Баардык жаралганды жараткан күч катары адатта Ахура-Мазданы айтышат, бирок бул диндин логикасына таянсак ал кайрымдуулуктун,

жакшылыктын падышачылыгынына тиешелүү нерселерди гана жараткан деп айтууга болот.

Ак же кара күчтөрдү тандоодо эркиндиги барларлар негизинен Ахура Мазда тарабынан жаратылган. Бул кудай канчалык кубаттуу болгонуна карабастан чектөөлөр бар. Ал өз ээлигиндеги бийликти Ангра-Майнью менен бөлүшүүгө аргасыз. Терс күчтөр же шайтандын үстүнөн болгон акыркы жеңиш элдердин жана башка келечекте келе турган «аруу күчтөрдүн» катышуусу менен ишке ашат.

Авесталык айрым бир баяндарда акыр заман болгондо каардуу сурак жүрөт. Ошондо кандайдыр бир Саошиант (сөзмө-сөз - куткаруучу) пайда болот, балким бул жаңы ишке ашыруучу же Зартуштранын дэвадан төрөлгөн баласы болушу мүмкүн. Саошиант Ахура-Маздга Ангра-Майньюну талкалоого жардам берип, жер жүзүндө жакшылыктын кандыгы түбөлүк бийлик кылат. Элдер кайрадан жаралат (Өлгөн адамдардын жандарын алардын сөөктөрүн, чачтарын, канын ж.б. калдыктарын жаратылыштан алып кайрадан чогултат). Акыр заман жөнүндөгү мындай окуулар каардуу суракта жана кийинки түбөлүк жыргалчылыкта эсхатологиялык окуулар деп аталат. Булар иудаизмге, христианчылыкка, исламга өзгөчө мүнөздүү. Саошиант тууралуу окуу жана акыр заман христианчылык, ислам менен дагы дал келип тургандыгы ачык эле байкалат. Зороастризмде акыр заман жөнүндөгү окуу эле эмес, аркы дүйнө, тозок, бейиш дагы иштелип чыккан. Байыркы перстерде өлүм жок кылуу, курутуу катары кабылданбаган. Адамга өтө зарыл болгон окуялардагы сыноо деп эсептелген. Перстер өлүмгө караганда жамандыктан, кастыктан көбүрөөк коркушкан. Анткени өлүм учурунда шайтандардын колуна түшүп калуу өзгөчө коркунучтуу болгон. Перстер өлгөн кишинин жаны тулкусунан бөлүнүп чыгып, заңкайган, жаркылдаган шамал көпүрөлөр бар асман мейкиндигине учуп кетет деп ишенишкен. Анан бийик тоонун үстүндө Митра кудайы башка кудайлар менен бирге жаңы келгендерди суракка алышат. Анын жакшы жана терс иштери так таразага коюлат. Ушул учурда туугандары жана достору өздөрүнүн жакшылыктарынан бөлүшүү менен ага жардам бере алышат. Андан кийин жан өтө ичке көпүрөдөн өтөт. Эгер бейишке татыксыз болсо түпсүз туңгуюк тозоктун аңына кулайт, балким ылайыктуу болсо жыпары аңкыган аймака өтөт. Келишкен сулуу кыз жанды бейишке алып барат жана ал ошол жерде калат. Бирок иш муну менен эле бүтүп калбайт. Өлгөндөрдүн алдында Катаал сурак жана кайра тирилүү турат(после прихода Мессии-Спасителя). Күнөөкөрлөр акыр заманда Ангра-Майнью менен кошо тыптыйпыл жок кылынат.

Зороастризмдин пайгамбары – Заратуштра. Изилдөөчүлөр аны тарыхый, же тарыхый эмес деп талашып келишет. Заратустра (Заратуштра – авестада, бай.гректерде – Зороастр, орто кылымдагы иран тилинде - Зардушт) б.з.ч. 6-кылымда чыгыш Иранда жашагандыгы анык, б.з.ч. 700 жылдарга жакын, бул учур болжолдоп алганда Индияда буддизмдин, Кытайда маанилүү диний философиялык окуунун, пайда боло баштаган учуруна туура келет.

Б.з.ч. доордун 7-6-кылымдары адам баласынын диний жашоосундагы зор маанилүү төңкөрүш, мифологиялык аң-сезимден динге жасалган кадам, көңүл борборунда адам турган этикага негизденген окуулар, тактап айтканда азыркы динге жакындаган кадамдар болгон. Жогоруда сөз болгондой Авестанын авторлугу Заратуштрага жазылган, бирок ал чынындыгында кийинки, анын теориялык акыркы бөлүктөрүн гана жазган деп берилет. Айрым бир маалымдоочулардын пикиринде Заратуштра анын окуусун биринчилерден кабыл алып, перстерге тараткан падыша Виташпанын убагында жашаган. Бул ысым турмушта болгон персиялык улуу падыша Дарий 1-нин атасы Гиштаспанын(522-485-ж.ж. б.з.ч.) аты менен окшош. Бул дал келүү жөн жерден болбосо керек, анкени Дарий өзүнүн империясынын диний-идеялык негизи кылып маздаизмди алган. Аны Дарий падышанын Бехустун аскасында чегилген канатчан Ахура Мазданын жана перс, вавилон, жаңы элам тилинде жазылган жазуусу да айгинелейт. Пайгамбардын өмүрү тууралуу маалымат аз. Ал элди өз окуусуна үгүттөгөн, бирок жергиликтүү сыйкырчы-көз боочу башкаруучу тарабынан өз өлкөсүнөн куулат. Виташпа падышасынан колдоо тапканга чейин анын

үгүттөөлөрүн эч ким уккан эмес, ал бактысыз жана куугунтукта болгон. Ошентип Заратустранын кандайдыр жаңы негиздемелерге ылайыкталган колдоочулар коому пайда болот. Заратуштра адам эркиндикке эрки бар жана ак менен каранын бирин тандай алат деп насааттаган. Ал актык, кайрымдуулук тарапта чечүүчү кармашта чечкиндүү согушууга милдеттүү болгон. Ангра-Майнью кейпиндеги азезил байлык жана бийликти убадалап Заратуштраны азгырууга кылган аракети текке кетет. Акырында Зарастуштраны өмүр бою аңдып жүргөн душмандарынын бири өлтүрөт. Дагы бир башка баяндарда Заратуштра адам башындагы кейпинен ажыратылат: Ахура-Мазда алгач анын рухий маңызын жаратып, ак менен каранын чечүүчү кармашы болгонго чейин дарактын ичине жайгаштырып коет. Андан кийин Заратуштра кадимки адам кейпине айланып, от менен ширетилип дарактан чыгат. Ал бул жерде кудай менен элдин ортосундагы элчи катары эсептелген.

Бул аңгемелерде хритианчылык, ислам окуулары жана башка байыркы элдердин мифологиясы менен болгон көптөгөн дал келүүлөр бар. Айрым учурда элге от алып келген Прометей менен да окшошуп турат. Заратуштра жөнүндөгү миф алгач байыркы гректерге, андан соң алар аркылуу Европага таркалган. Алар көптөгөн жаңы мүнөздөрдү жана башка майда нерселерге чейин кабыл алышкан. Зороастризмдин өзөгүн отко сыйынуу түзөт Бул диндин алгач храмдары кийинчерээк пайда болгон. Ыйык от өтө караңгы, атайын курмандык чалуучу жайда сакталган. Ыйык отко эч кимдин тийүүгө акысы жок болгон, ошондуктан кечилдер мээлей кийип, дем алуу аркылуу отко тийип калбас үчүн оздорун таңып жүрүшкөн. Жагымдуу жыты бар дарактардан атайын даярдалган отундар өзгөчө бир кычкачтар менен каланган. Отту күйгүзүүдөн тышкары даарат алуу, бактардын бутактарынан кесип курмандык чалуу жана хаомадан жасалган суусундукка сүт кошуп ичүү ырым-жырымдары болгон. Хаома алтын багы кийинки отко сыйынуучулардын пикиринде асмандагылар түшүп келүүчү жол болгон Элбурстун чокусунда өсөт. Дүйнөдө хаома ширеси айыктырбаган эч кандай оору, залал жок. Өлүм менен байланышкандын бардыгын ыплас деп эсептешкен. Перстердин ишениминде өлүмдөн кийин жан денени таштап кетет, ал эми өлүм болсо Ангра-Майньюнун терс күчтөрүнүн жеңиши катары сүрөттөлүп, ал денедеги тазалыктар болгон отту, сууну, топуракты алып ташташы керек эле. Мына ушуну менен эле сөөк коюу ырымындагы диндин бул кайталангыс жактары түшүндүрүлөт. Адам кайтыш болгондо өзгөчө даярдалган өлүк ташыгычтар гана келүүгө мүмкүн болгон. Бөлмөдөгү кара күчтөрдү кубалоо үчүн сөөк жаткан жерге итти киргизишкен, андан кийин оттун жардамы менен ал жерди тазалашкан. Ташыгычтар атайын темирден табытка салынган өлүктү көргө алып келишкен. Бул түнкүсүн жана сөзсүз түрдө (сууну адал кармоо үчүн) күн ачыкта гана жасалган. Элдүү жердин четинде куту сыяктуу мунаралары бар дакмалар жайгашкан. Анда аялдар, эркектер, балдардын өлүктөрүнө арналган үч коңул болгон. Ташыгычтар өлүктү өйдө чокусуна көтөрүп чыгып, кийимдерин толук чечип шамал, жамгыр жана күндүн таасир этүүсүнө калтырышкан. Дакмдын айланасына (үндөбөө мунарасы деп аташкан) кузгун, таз жорулар үйүрү менен айланып турган. Кургаган сөөктөр орлорго ыргытылган, дакма өзү болсо көп жылдар өткөндөн кийин талкаланышы керек болгон. Ошентип өлгөн адамдан эч бир из да калган эмес. Бул убакыт ичинде перстердин диний эрежелерине ылайык эч бир «тазалыктын» стихиясы өлгөн адамдын денесине жакындабашы керек. «Үн чыгарбоо мунарасынын» айланасында ар бир түнү шайтандардын чоң тобу кутуруп, бийлеп, тойлоп жана ырдайт деп ишенишкен. «Сөөккө» болгон мындай мамиле анын жакындарын, туугандарын эч кандай убайымга салган эмес. Күнөөдөн арылып тазаланыш үчүн перстер жашоосунда көптөгөн ырым-жырымдарды өткөрүшкөн. Мисалы, отко күкүм түшүп кетсе аны кордогондук менен барабар болгон. Отко жыгачтарды даярдап жатканда анын тазалыгына ушунчалык көңүл бурушкан. Канаттуулардын кыгы да болбошу керек эле. Анткени алар тарп менен тамактанат. Аларда бул өтө чоң күнөө. Эмгектенүү менен дагы көптөгөн күнөөлөрдөн, кылмыш-кылыктардан арылууга мүмкүн болгон Авеста дини дээрлик толугу менен жок кылынган

жана сакталып калганы өтө эле аз. 7-кылымда байыркы перстердин жергеси күч менен исламды киргизген мусулман арабдар тарабынан басылып алынган. Зороастрийлер бөлүнүп-бөлүнүп Индияга качышып, ал жакта бүгүнкү күнгө чейин жашап жаткан диний коомдорду түзүшкөн. Эмне үчүн ал өзүнө мындай көңүл бурууну жана кызыгууну талап кылып жатат? Бул биринчиден зороастризм көп элдердин анын ичинде европалыктардын дагы руханий жашоосуна өтө чоң таасир эткендиги менен байланыштуу. Зороастризм себепкер болуп Европанын диний жашоосуна байкаларлык деңгээлде таасир эткен бир нече таасирдүү секталар өнүп чыккан.

Макалада көрүнүп тургандай зороастризмдин кыргыз элинин каада-салты, үрп-адаты, теңирчилик жана башкалар менен дагы жакындан байланышы бар. Андыктан ошол дал келүүлөр тыкыр иликтөөгө алынышы зарыл.

**Адабияттар**


1. Никитина В.Б. Литература древнего Востока. М., 1962.
2. Редер Д.Г. Литература Востока в средние века. М., 1970
3. Редер Д.Г. Арабская средневековая культура и литература. М., 1978г.
4. Конрад Н.И. Запад и Восток. М., 1965г.